## Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби

# Усулдук

**кеңештер, завуч алдындагы кеңешмеде окулган докладдар, билдирүүлөр**



# 2022-2023-

# окуу жылы

Бекитем

Директор: Акматалиева Н.К.

## Усулдук кеңештин планы

## 2022-2023-окуу жылы

| № | Иштелүүчү иштердин мазмуну | Убагы | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | а) Өткөн окуу жылындагы иштердин жыйынтыгы.<br>б) Жаңы окуу жылга план түзүү<br>в)Усулдук бирикмедеги мугалимдердин милдеттери менен тааныштыруу | Сентябрь | Завуч |
| 2. | а) Мугалимдин сабакка жогорку деңгээлде даярдануусуна усулдук бирикменин тийгизген таасири.<br>б)Башталгыч класстын усулдук бирикмесинин абалы<br>в) Жаш мугалимге жардам. | Ноябрь | Завуч<br><br>Бирикменин жетекчиси<br>Завуч |
| 3. | а)I жарым жылдыктын окуу процессиндеги иштердин анализи жана аларды диагностикалоо.<br>б) Так илимдердин усулдук бирикмесинин абалы.<br>в)Тегерек стол «Окуучунун окуу иш-аракетиндеги куракты к өзгөчөлүгү» | Январь | Завуч<br><br>Завуч<br><br>Бир жетекчи |
| 4. | а)Педагогикалык окуу «Жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуу»<br>б)Дидактикалык материалдардын көргөзмөсүн уюштуруу<br>в)Өзгөчөлөнгөн балдар менен иштөөдө жаңы ыкмаларды колдонуу | Март | Завуч<br><br>Мугалимдер<br><br>Башталгыч кл. мугалимдери |
| 5. | а) Мугалимдердин чыгармачылык иштөөсүн баалоо | Май | Завуч<br>Мугалимдер |

# 2021-2022-окуу жылы

# УСУЛДУК КЕНЕШТИН ПЛАНЫ

## усулдук кеңештин 2021-2022-окуу жылында жыйындарды өтүү планы

| № | Мөөнөтү | Каралуучу суроолор | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Сентябрь | а) Өткөн окуу жылындагы иштердин жыйынтыгы.<br>б) Жаңы окуу жылга план түзүү жана уюштуруу.<br>в) **Методсоветтин жаны составын тузуу**<br>Усулдук бирикмедеги мугалимдердин милдеттери менен тааныштыруу. | УК |
| 2 | Ноябрь | **1.Алдынкы мугалимдердин ишин жайылтуу.**<br>**2.Усулдук бирикмелердин иштери.**<br>**3.Усулдук жанылыктар.** | ПК<br>УБ жетекчиси<br>Насаатчы |
| 3 | Январь | **1. Мектеп олимпиадасынын өткөрүүлүшү.**<br>**2. Начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө.**<br>**3- Усулдук бирикменин иш аракетин план менен текшерүү жана жарым жылдык отчеттору** | **УБ жетекчиси**<br>**Бир жетекчи** |
| | Февраль | **1.Усулдук бирикмелердин иш кагаздарын текшерүү.**<br>**2.Төлөмдүү жана төлөмсүз ийримдердин иш кагаздарын кароо.**<br>**3.Жаш мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүү.** | **УБ жетекчиси**<br>**Бир жетекчи** |
| 4 | Март | **1.Предметтик жумалыктарды уютуруу**<br>**2.Алдынкы мугалимдердин иштерин жайылтуу.**<br>**3.Окуу процессии боюнча инициативалык топ түзүү** | **УБ мүчөлөр**<br>**Тегерек стол**<br>**Мугалимдер**<br>**Башт.кл. муг.** |
| 5 | Май | а) Мугалимдердин чыгармачылык иштөөсүн баалоо.<br>б) Жаңы 2022-2023-окуу жылына пландаштыруу. | **Завуч**<br>**Мугалимдер** |

# ТОКТОМ

**Сентябрь айында Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектебинин усулдук бирикмесинин жыйналышы болуп өттү.**

**Жыйналышка катышкандар :** 15 мугалим

**Катчы :** ОББ Бейзеева Ж.К.

**Каралуучу маселелер:**

1.Өткөн окуу жылына анализ

2.Жаны окуу жылына карата мамлекеттик окуу программасын талкуулоо

3.Методсоветтин жаны составын тузуу. Усулдук бирикмедеги мугалимдердин милдеттери менен тааныштыруу

**Угулду:**

**1.**Биринчи маселе боюнча мектептин окуу бөлум башчысы УБ тарабынан өткөн окуу жылына карата анализ берилди.Мында өткөн окуу жылында кандай иштер жүргүзүлгөндүгү УБ.жетекчилери аткарган иштери, кружок иштеринин аткарылышы жөнөндө айтып кетти, жалпы берилген анализдердин негизинде УБ өткөн окуу жылындагы аткарган иштери «жакшы» деп белгиленди.

**2.**Экинчи маселе боюнча жаны окуу жылына карата жаны программанын негизинде пландар тузулсун, пландар усулдук бирикме жетекчиси жана ОББ тарабынан текшерилип, ошондой эле мектеп директору тарабынан өз убагында бекитиле тургандыгы баса белгиленди.

**3.**Учунчу маселе боюнча мектептин метод кенешинин жаны составын түзүү жагы каралды.Бул маселеде УБ жетекчилерин шайлоо о.э. мектептеги мугалимдерге ар тараптан жардам көрсөтүү максатында насаатчылык топ түзүү жагы каралды.УБ жетекчилери болуп төмөнкү мугалимдер белгиленишти.

**1. Так илимдер - УБ жет:** Бектурова С.К.

**2. Гуманитар- УБ жет:** Шералиева В.Э.

**3. Башталгыч класстар- УБ жет:** Аманкулова А.М.

**4. КЛАСС ЖЕТЕКЧИЛЕР- УБ жет:** Айдаркулова А.Н.

**Жогорудагы айтылгандардын негизинде усулдук бирикмеси төмөнкүдөй чечим чыгарат:**

## ЧЕЧИМ.

**1.**Өткөн окуу жылындагы методсоветтин иши «канааттандырарлык »деп табылсын.

**2.**Ар бир мугалимдин пландары мамлекеттик жаны окуу программасынын негизинде түзүлсүн.

**3.**Жогоруда аты аталган мугалимдер жаны окуу жылына карата **УБ** жетекчилери болуп дайындалсын.

# ТОКТОМ

**Ноябрь айында Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектебинин усулдук бирикмесинин жыйналышы болуп өттү.**

**Жыйналышка катышкандар :** 15 мугалим
**Катчы :** Бейзеева Ж.К.

**Каралуучу маселелер:**
**1.Алдынкы мугалимдердин ишин жайылтуу.**
**2.Усулдук бирикмелердин иштери.**
**3.Усулдук жанылыктар.**
**Угулду:**
1.Биринчи маселе боюнча мектептин директору Акматалиева Н.К. төмөнкүлөргө токтолуп кетти : Биздин мектепте бир мугалим атайын орто билими бар ,бир мугалим бүтпөгөн жогорку, калган мугалимдер жогорку билимдери бар мугалимдер эмгектенишет .Алардын ичинен эн жакшы өз кесиптеринин үстүнөн иштеген мугалимдер бар, алар орус тили жана адабияты мугалими, Шералиева В.Э, математика Бекболотова К.Б,башталгыч класстар мугалими Аскарбекава Б, Бообекова Н.Ж. кыргыз тили жана адабияты мугалими Кыдырмаева Н.К. Мектеп администрациялары алардын ишин тактап, башка мугалимдер дагы ушул мугалимдерге окшоп эң жакшы жетишкендиктерге жетишин каалайбыз.

**2.Экинчи маселе :**
Усулдук бирикмелердин иштери боюнча окуу болумунун башчысы Бейзеева Ж.К. сөзгө чыгып төмөнкүлөргө токтолуп кетти: Мектептеги ар бир УБ документацияларын текшерип чыктым, кээ бир кемчилдиктер айтылып толукталды, ачык сабактар график боюнча өз убагында өтүлдү. Доклад, рефераттар жазылып өз убагында угулду жана справкалар ай сайын УБ жетекчилери жазышып турушат. УБ убагында чогулуш өткөрүлүп турат.

**Чечим :**

1.Жогорудагы көрсөтүлгөөн мугалимдер республикалык, областык, райондук, айыл округдук көрсөткүчтөргө көрсөтүлсүн.

2.Усулдук бирикменин иши жандандырылсын.

**ТОКТОМ**

**Январь айында Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектебинин усулдук кеңештин чогулушу**

**Кенешменин төрайымы –** ОББ Бейзеева Ж.К.
**Жыйналышка катышкандар-** 15 мугалим
**Катчы –** ОББ Бейзеева Ж.К.

**Каралуучу маселелер:**
**1.** Мектеп олимпиадасынын өткөрүүлүшү.
**2.** Начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө.
**3**.Усулдук бирикменин иш аракетин план менен текшерүү жана жарым жылдык отчеттору

**Угулду:**
**1.**Окуу бөлүм башчысы ОББ Бейзеева сөзгө чыгып төмөнкүлөргө токтолуп кетти: быйылкы 2021 -2022- окуу жылында олимпияда мектептик тур өткөрүлдү
Олимпиада боюнча маалымат тиркелет.

**2.**Окуу бөлүмүнүн башчысы ОББ Бейзеева Ж.К. сөзгө чыгып төмөнкүлөргө токтолуп кетти:
Биздин мектепте ар бир предметтерге атайын « окуучулар менен иштөө» дептери ачылган мугалимдер сабакка жетишпеген окучулар менен өз алдынча план тузушуп иш алып барышат. Сабакка жетишпеген окуучуларга бул өтө жакшы болот экен себеби: алардын билимине жараша уй тапшырма берилип ал окуучу жакшы жетишкендиктерге жетишет экен. Айдаркулова А.Н. Кыдырмаева Д.М. Чымырбаева Б.Б. мугалимдер өз ойлорун айтып кетишти.

**3.**

**ЧЕЧИМ**
**1. 2019 -2020-окуу жылындагы откорулгон олимпияданын жыйынтыгы «жакшы» деп баалансын.**
**2.Бардык предметтик мугалимдер сабакка жетишпеген окуучулар менен иш алып барсын.**
**3.Орус тили жана чет тили предметтеринин окутулу абалы ________________табылсын.**

**ТОКТОМ**
**февраль айында Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектебинин усулдук бирикмесинин жыйналышы болуп өттү.**

**Жыйналышка катышкандар: 14- мугалим**
**Себептүүлөр : 2 мугалим.**
**Катчы: Бейзеева Ж.К.**

**Каралуучу маселелер:**
**1.Усулдук бирикмелердин иш кагаздарын текшерүү.**
**2.Төлөмдүү жана төлөмсүз ийримдердин иш кагаздарын кароо.**
**3.Жаш мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүү.**

**Угулду:**
**1.**Биринчи маселе боюнча мектептин окуу болумунун башчысы Бейзеева Ж.К. сөзгө чыгып төмөнкүлөргө токтолуп кетти: Мектепте төрт УБ бар. Усулдук бирикменин иши окуу-тарбия процессин алга жылдырууга негизги күчү. Усулдук иштерди туура уюштуруу,мектеп ичиндеги педагогикалык чеберчиликти калыптандыруу,окуу-тарбия процессин мазмунун жаңылоого, чыгармачылык эмгекти арттырууга өбөлгө түзөт. Ошондуктан УБ жетекчилери сиздер ачык сабактарды өз убагында коюп жана жыйынтыгын чыгарып турсаныздар окуу процессии ар дайым алдыга жылат жана азыркы талапка жооп берет. Мугалимдер сабакты азыркы инновациялык ыкмаларды колдонуп өтсө, көргөзмө куралдарды туура пайдалана билсе бул мугалимдердин жыйынтык жемиши чыгы калат. УБ жетекчилердин документтацияларын карап чыктым жана талапка жооп берет. бардыгы туура жайгаштырылган жана өз убагында сабактар өтүлүп иштелмелер ,докладдар салынган.
**2.**Мектепте төлөмдүү ийримдер булар дене тарбия жана математика сабактары Бейшебаева З.Т.. дене тарбия мугалими ал ийримди өз убагында түзгөн жана планы мектеп директору тарабынан бекитилген. Ийримдер ар түрдүү спорт оюндары боюнча түзүлгөн жана окуучулар ийримдерге жазылып мектеп аралык оюндарга катышып алдынкы орундарды алып келүүдө.
Математика мугалими Бекболотова К.К. ар турдуу математикалык методикаларды колдону жазган ийримдерди уюштурган жана планы бекитилген. Ийримдерге окуучулар класстар боюнча жазылышып ар кандай ачык сааттарды уюштурушу, мектептеги ачык саат кечелерди уюштуруп көнүлдүү өткөрөт.
Төлөмсүз ийрим орус тили жана орус адабиятынан «Занимательная грамматика». Койчукенова Ч.К. 2-4-класстар арасында өтөт. Ийрим өз убагында өтүлөт жана жаңы технологиялар менен өткөнгө аракет кылат.
**3. Жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилген жана алар менен тыгыз иштөөдө Алардын сабактарына киришип , журналдардын толтурулушуна конул бурушат,конспект жазууда жардам беришет жана башка документацияларына көңүл бурушат. Жаш мугалимдер да айтылган сын -пикирлерди туура тушунушуп өз иштерин алдыга жылдырууда.**

**ЧЕЧИМ:**

**1. Усулдук бирикмелердин иш кагаздары «жакшы » деп баалансын.**
**2.Төлөмдүү жана төлөмсүз ийримдер өз убагында сабактарын өтүшсүн.**
**3.Жаш мугалимдерге ар дайым усулдук жардам көрсөтүлсүн.**

# ТОКТОМ

**Март айында Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектебинин усулдук бирикмесинин жыйналышы болуп өттү.**

**Жыйналышка катышкандар : 15 мугалим**

**Катчы : Бейзеева Ж.К.**

**Каралуучу маселелер:**

**1.Предметтик жумалыктарды уютуруу**

**2.Алдынкы мугалимдердин иштерин жайылтуу.**

**3.Окуу процессин боюнча инициативалык топ түзүү**

**Угулду:**

**1.** Мектептин ОББ Бейзеева Ж.К. предметтик жумалыктарды уюштуруу боюнча төмөнкүлөргө токтолуп кетти: предметтер боюнча жумалыктар уюштурулуп келе жатат жана натыйжасы жакшы болуп жатат. Ар бир предмет боюнча ар айда предметтик жумалыктар жүргүзүлүп жатат, биология жана химия предметтеринин окутулушу « орто» деп бааланды. Математика боюнча класстарда «жакшы»,физика,информатика боюнча «жакшы» деп бааланды, Предметтик жумалыктарды уюштуруу да окуучулардын билим сапаты тест, текшерүү иш, жазма иштер боюнча текшерилет, текшерүү мектептин администрациясы, стаждуу мугалимдерге жүктөлөт.

**2.**Экинчи маселе боюнча мектептин директору Акматалиева Н.К. төмөнкүлөргө токтолуп кетти: Мектепте алдынкы мугалимдер - орус тили жана адабияты мугалими Шералиева В.Э. математика мугалими Бекболотова К.К., башт.кл Аскарбекова Н. мугалимдердин иш тажрыйбалар мектеп ичинде жайылтылсын.

**3.**Окуу процессин боюнча инициативалык топтор түзүлгөн. Мисалы «эн жакшы класс», «эн жакшы окуучу» деп окуучулардын билими боюнча ар кандай КВН, класстан тышкаркы иштер, диспут, дебат, интеллектуалдык оюндар уюштурулуп өткөрүлүп жыйынтыгында жогорудагы номинацияларга татыктуу болушат, Мында окуучунун билими, журуш- турушу, олимпиада жыйынтыгы, сабакка катышуусу, мектептин иштерине активдуу катышуусу да каралат. Инциативалык топторду ОББ, предметтик мугалимдер, жаштар уюму жана актив окуучулар, ата-энелер комитетинин төрагасы жетектейт жана баалашат.

**Чечим**

**1.Предметтик жумалыктар өз убагында уюштурулсун жана баалансын.**

**2.Алдынкы мугалимдердин иш тажрыйбалары аймакка жайылтылсын.**

**3.Окуу процессин жогорулатуу үчүн иницативдик топтор түзүлсүн жана жыйынтыгы чыгып баалансын.**

Бекитем

Директор: Акматалиева Н.К

## Завуч алдындагы кеңешменин планы

## 2021-2022-окуу жылы

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | Убагы | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | а) 2021-2022-окуу жылы үчүн базистик пландын усулдук жабдылышы<br>б) Класстык журналдарды толтуруунун эрежелери.<br>в) Окуучулардын окуу китептери жана күндөлүктөр менен камсыз болуусу<br>г) 5-класстын окуучуларынын мектепке ыңгайлануусу боюнча иш алып баруу<br>д) Предметтер боюнча жазуу, лабораториялык,практикалык жана текшерүү иштеринин нормативдерин тактоо. | Сентябрь | Завуч<br>Класс жетекчилер<br>Администрация<br>Класс жетекчилер<br>Завуч |
| 2. | а) Класстык журналдарды текшерүүнүн жыйынтыгы.<br>б) Күндөлүктөрдү текшерүүнүн жыйынтыгы<br>в) Математика, тил сабактары боюнча жазуу дептерлерин текшерүү 5-8-класстар<br>г) Олимпиадага, тестке даярдануу | Октябрь | Мугалимдер<br>Завуч<br>Завуч<br>Завуч |
| 3. | а) 1-чейрекке коюлган баалардын тууралыгына анализ жасоо.<br>б) Журнал менен иштөөнүн абалы.<br>в) Олимпиаданын өтүлүшү жана жыйынтыгы.<br>г) Башталгыч класстарда окууга машыккандыгын текшерүү жана тесттик материалдарды колдонуу | Ноябрь | Завуч<br>Мугалимдер<br>Завуч<br>Башталгыч кл. бирикмеси |
| 4. | а) Мугалимдердин пландарын карап чыгып, усулдук жардам берүү<br>б) Дептерлердин абалын, күндөлүктөрдү жана класстык журналдарды текшерүү. | Январь | Завуч<br>Завуч |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | в) Окуучулардын билимдерин текшерүү<br>1-4,5-8,9-11-кл. жазуу иштерин алуу | | Администрация |
| 5. | а) «МЫКТЫ МУГАЛИМ» уюштуруу<br>б) Так илимдерди окутуунун бүгүнкү күндө койгон талаптары. (Бирикменин иштерине катышуу)<br>в) Жазуу,лабораториялык, практикалык жана текшерүү иштеринин нормативдеринин аткарылышы. | Март | Администрация<br><br>Завуч<br>Мугалимдер |
| 6. | а) Жыйынтык аттестациясына даярдык көрүү, ата-энелерди,окуучуларды инструкция менен тааныштыруу<br><br>б) Көчүрүү экзамендердин, жыйынтык аттестациясынын бурчун түзүү.<br>в) Журналдарды жана окуучулардын делолорун карап чыгуу.<br>Г) Жаңы окуу жылына план түзүү | Апрель<br><br>Май | Завуч<br>Администрация<br><br>Директор<br>Завуч |

# Окуучунун чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн педагогикалык факторлору

Мугалим:
Айдаркулова А

Аскер уулу Нурлан атындагы
Орто – Суу орто мектеби